**ОшМУнун STEM –инновациялык колледжинин информациялык - коммуникациялык дисциплиналар циклынын кезектеги отурумунун**

**№1 протоколунан көчүрмө**

Күнү: 29.08.2023

Саат: 11:00

**Катышкан окутуучулар:** К.К.Шакиров,Абжапарова У.А., Капарова А.А., Молдалиева Ж.М, Рахманберди кызы Мырзагүл, Усөн кызы Мирада, Абдималик кызы Нуржан, Маматкалыл кызы Бурул, Арынов Д.Э., Каныбек уулу Мирлан, Жумабек кызы Гүлбурак, Төрөбекова А.А., Токсонбай уулу Куткелди, Абжапарова Н.А.

## Күн тартибиндеги маселелер:

1. Орто кесиптик билим берүүнүн мамстандарттына ылайык адистиктердин окуу пландарын талкуулоо жана бекитүү
2. Адистиктер боюнча НКББПнын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын талкулоо, бекитүү
3. Окуу-усулдук, тарбиялык, илимий иштердин пландарын талкуулоо жана бекитүү
4. Жаңы окуу жылына кабинеттерди, аудиторияларды жана лабораторияларды даярдоо
5. Ар түрдүү маселелер

**2-маселе. Адистиктер боюнча НКББПсын, максаттарын жана окутуунун натыйжаларын талкулоо, бекитүү**

**Угулду:** 2-маселе боюнча информациялык - коммуникациялык дисциплиналар циклдык коммиссиясынын төрагасы К.К.Шакиров - 2023-2024-окуу жылы үчүн “Колдонмо информатика (тармактар боюнча ) жана “Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)” адистиктери боюнча аккредитациялык агентиктин сунушу менен окутунун натыйжаларына өзгөртүү керектигине токтолду, НКББПсын кайрадан карап чыгуу жумушчу топтор түзүлүп, өзгөрүлөр киргизилерин айтып өттү жана талкууга койду

- “Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)” адистигинин программа жетекчиси, окутуучу А.А.Капарова төмөнкүлөрдү билдирди: 2022-2023-окуу жылы үчүн “Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)” адистиги боюнча НКББПсы буга чейин 2022-жылдагы жаңы стандарт чыккандыгына байланыштуу НКББПсында 3 максат жана 7 окутуунун натыйжасы камтылган. Иш берүүчүлөрдүн, студенттердин, ата-энелердин сунуштарын эске алуу менен белгиленген максаттардын жана окутуунун натыйжаларынын мазмунуна кайрадан карап чыгуу керектигин айтып өттү.

-“Колдонмо информатика (тармактар боюнча )” адистигинин программа жетекчиси, К.К.Шакиров төмөнкүлөрдү билдирди: 2022-2023-окуу жылы үчүн “Колдонмо информатика (тармактар боюнча)” адистиги боюнча НКББПсы буга чейин доолбордун негизинде түзүлгөн , 2022-жылдагы жаңы стандарт чыккандагына байланыштуу НКББПсында өзгөрүүлөр болду. Жалпысынан 3 максат жана 7 окутуунун натыйжасы . иш берүүчүлөрдүн, студенттердин, ата-энелердин сунуштарын эске алуу менен кайрадан

иштелип чыкты. Максаттардын жана окутуунун натыйжаларынын мазмунуна сунуштар болсо бергиле

**Сөзгө чыккандар:**

**-окутуучу Ж.Молдалиева :** 2 адистик боюнча жалпы масаттары жана окутуунун натыйжалары менен таанышып чыктык. Окуттунун максаттарында биздин студенттерибиздин жалпы алуучу билимдеринин, көндүмдөрү дээрлик баары камтылган десек болот. Окутуучулардын сунуштарды эске алуу менен бектитүүнү сунуштайм

**-окутуучу У.А.Абжапарова** : адистиктердин НКББПсынына коюлган максаттар жумуш берүүчүлөрдүн, ата-энелердин сунуштарын эске алуу менен түзүлүптүр. Окуу жылы башталып калгандыктан бекитүүнү сунуштайм. Мындан ары да жолугушуларды уюштуруу менен сунуштарды эске алуу менен оңдөп түзөлөр болот деген ойдомун

-окутуучу Жумабек кызы Гулбурак: адистиктер боюнча НКББПсын иш берүүчүлөр менен мемарандум өткөрү менен биргеликте талкулап өзгөртүүлөрдү киргизүүнү сунуштайм.

Циклдын мүчөлөрү жогорудагы маселени угуп жана талкуулап төмөндөгүдөй чечим кылат

**Чечим**:

1. Окутуучулардын сунуштары эске алынсын
2. 2023-2024-окуу жылы үчүн "Колдонмо информатика (тармактар боюнча) жана "Малыматтарды иштеп чыгуунун авоматташтырылган системалары жана башкаруу (АСОИУ)" адистиктеринин НКББПсынын максаттары жана окутуунун натыйжалары көрсөтүлөн тартипте бектилүүсү колледждин педагогикалык кеңешинен суралсын
3. Чечимди ишке ашыруу жагы адистиктердин программа жетекчилери жана мүчөлөрүнө жүктөлсүн